## 2017-2018-окуу жылында методикалык иштердин анализи

2017-2018-окуу жылында мектепте курамы 14 адамдан турган усулдук кенеш иштеди. Бир жылда 5 кеңешме болду.

Усулдук кеңештин планы боюнча 2017-2018-окуу жылында 2-11 - класстар боюнча чейрек сайын билим сапатынын мониторинги чыгарылып, билим сапаты төмөн көрсөткүчтү көрсөткөн класстар боюнча билим сапаты ички көзөмөлгө коюлуп, окутулуп жаткан предметтер тууралуу талкуулар жүргүзүлүп турду. Чейрек сайын план программанын аткарылышы көзөмөлдөнүп турду. Биология, химия жана физика предметтеринен лабараториялык, практикалык жана текшерүү иштеринин алынышы жана математика , кыргыз тили, орус тили сабактарынан жазуу иштери боюнча дептерлердин уюштурулушу, текшерилиши, жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы, жаш мугалимдерге бекитилген насаатчы мугалимдердин иши көзөмөлдөндү.

Мугалимдердин педагогикалык чыгармачылыгын жогорулатуунун үстүндө да бир топ иштер аткарылды: Мисалы:

- Мугалимдердин өз билимин жогорулатуу боюнча кандайдыр бир теманын үстүндө иштөөсү
- Мугалимдерди курстан өткөрүүнү уюштуруу жана курстан өткөн мугалимдердин ачык сабактарды берүүсү
- Шаардык семинарларды, бирдиктүү метод күндөрдү уюштуруу
- Жолдоштук сабактарга кирүү
- Ачык сабактарды уюштуруу
- Предметтик декадаларды уюштуруу
- Педагогикалык тажрыйбаларды жалпылоо
- Чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу

2017–2018-окуу жылында мугалимдердин өз билимдерин өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министирлигинин алдындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 42 мугалим курстан өтүшүп, сертификат алышты. Ал эми кыска мөөнөттүү курстан 6 мугалим өтүп, сертификат алышты.

2017-2018-окуу жылында мектепте 8 усулдук бирикме иштеди. Алар: кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси, жетекчиси– Табылды к. А. (Жумалиева А.А.)

Орус тили жана адабияты усулдук бирикмеси, жетекчиси– Алидинова Ж.Ч. (Топчубек кызы Н.)

Чет тил усулдук бирикмеси, жетекчиси–Чундукова З.М.

Сканировано с CamScanner

Так илимдер усулдук бирикмеси,жетекчиси– Апсалиева Б.Т.
Табигый усулдук бирикмеси,жетекчиси– Наркозиева А.Т.
Башталгыч класстардын “ Балалык ” усулдук бирикмеси, жетекчиси – Сариева Ж.Т.
“Маданият ” усулдук бирикмеси, жетекчиси– Сагынбекова А.Ж.
Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси, жетекчиси - Маманазарова С,Б.

Ай сайын усулдук бирикмелердин декадалары өткөрүлүп турду. Декаданын ачылышы болуп, анда усулдук бирикме мүчөлөрү кабыл алган номинациялар боюнча конкурстар жарыяланып, конкурста жеңип алган окуучулар грамоталар менен сыйланып турушту.

**2017 –жылдын октябрь айында (09 – 18.10.17)** кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы болуп өттү. Декадада 8 мугалим ачык сабактарды өтүштү. Адеп мугалими Кыдырова Бүбүбатма адеп сабагынан , кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Турунтаева Калбү, Жумалиева Айгүл, Абдирайимова Кайырма, Курманбекова Карлыгач, Урматова Айчүрөк, Сагынбаева Гүлзат, Табылды кызы Адинай кыргыз тили жана адабиятынан ачык сабактарды өтүштү. Ачык сабактарда ар бир мугалим өзүнүн педагогикалык жөндөмдөрүн көрсөтө алышты.Мугалимдин иш аракети, жаңы теманы түшүндүрүүсү, окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтык педагогикалык талапка жооп берет. Бардык сабактар максатына жетти. Жаш мугалим катары Табылды кызы Адинайга усулдук сунуштар айтылды. Декада “Адеп – көркү тил”деген темада мектептин мугалимдери жана окуучуларынын катышуусу менен жабылды. Декаданын жабылышында жарыяланган конкурстардын төмөнкү номинациялар боюнча:

- **“Мыкты тартылган сүрөт” -** 1-орун 5-в класс
- **“Мыкты дубал газета” –** 1-орун 10-б класс, 2-орун 11 –б класс
- **“Мыкты буклет”** – 1-орун 9-д, 2-орун 8-б, 3-орун 10 – а класс
- **“Мыкты эссе”** – 1-орунга 10-б класстын окуучусу Саатова Айзирек, Асылбекова Ыхвалай
  2-орун 11-а класстын окуучусу Ашырбай кызы Нуриза жана Ильяс уулу Нурдөөлөт
- **“Мыкты реферат” –** 11 - а класс, 9 – а класс.

жыйынтык чыгарылып, жеңген окуучулар мектеп тарабынан грамоталар менен сыйланышты.

Ноябрь айында (20.11 -29. 11.17) табигый усулдук бирикмесинин декадасы болуп өттү. Декадада төмөнкү номинациялар боюнча конкурстар жарыяланды:

- Мыкты дептер

Сканировано с CamScanner

- Мыкты дубал газета
- Мыкты макет
- Мыкты реферат
- Мыкты буклет

Декадада 8 ачык сабак өтүлдү. Химия мугалими Наркозиева Айнагүл, биология мугалимдери: Сыдыкова Жакут, Мусабекова Бермет, тарых мугалимдери: Сагынбекова Асыл, Казакова Нургүл, адам жана коом мугалими Маманазарова Сырга , география мугалимдери Алманбет кызы Жаңыл, Ажыбек кызы Жумагүл сабак өтүштү.

Предметтик мугалимдердин аракети, окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтык, мугалимдердин жана окуучулардын изденүүсү ж.б. иш аракеттер мугалимге коюлуучу талаптарга жооп берет. Мугалимдердин бардыгы өз предметин билген, изденип иштеген , жоопкерчиликтүү мугалимдер.

Ал эми жаш мугалимдер Алманбет кызы Жаңылга усулдук сунуштар айтылды. Ал эми геогрфия мугалими Ажыбек кызы Жумагүлго тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып, методикасын байытуу жана сабакты ар түрдүү формада өтүү жагы сунушталды. Сунуштар айтылып, мугалимдин аркетине карап сабагы максатына жетет деп айтиылды.

Декаданын жабылышы "Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым "деген тема менен жабылды.

Жогорудагы декадалардын жүрүшүндө мугалимдердин чыгармачылыгын, жекече изденүүлөрүн көрө алдык жана декадалардын жабылыштары жогорку деңгээлде өткөрүлдү десем жаңылышпайм. Декаданын жүрүшү жана жабылышы бир нукка түштү десем болот, себеби декаданын жабылышы окуучулар тарабынан даярдалып, окуучулар дагы декаданын жүрүшүнө жоопкерчилик менен мамиле кылуу керектигин сезип жатышат. Жарыяланган конкурстун негизинде женген окуучулар граммоталар менен сыйланышты. Декаданын жүрүшүнө, жабылышына өтө жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгы билинип турду.

2017 - жылдын декабрь айында (04–26.10.17 ) башталгыч класстардын "Балалык " усулдук бирикмесинин декадасы болуп, декаданын жабылышы "Өнөр агып жаткан булак, билим жанып турган шам чырак " деген темада жабылды.

Декадада

- "Үлгүлүү дептер",
- "Үлгүлүү күндөлүк",
- "Мыкты дубал газета",

Сканировано с CamScanner

- “Мыкты буклет ”

номинациялары боюнча конкурстар жарыяланып, жеңген окуучулар грамоталар менен сыйланышты. Декадада 22 мугалим ачык сабактарды өтүшүп, өздөрүнүн кандай деңгээлде сабак өтүп жаткандарын көрсөтө алышты. Декадада баштапгыч класстын мугалимдери Букараева К. адабий окуу, Киркирекова Б.М. адабий окуу, Кыдыбаева К.А. математика, Карыппаева Г. математика, Кырмыкеева А. алиппе сабагынан өткөн сабактарды өз деңгээлинде өтүшүп, өздөрүн дасыккан мугалим катары көрсөтүштү. Ал эми жаш мугалимдердин ичинен айырмаланып, Үсөналы к. Э, Кубанычбекова П, Мамбеталиева Т. Арстанбекова Ж. көрсөтмө куралдарды туура колдонуу менен эң жакшы деген сабактарды өтүштү.Бул мугалимдердин сабактарынын структуралары жакшы түзүлгөн, сабак этабы менен иреттүү өтүлдү. Ошентсе да , айрым мугалимдерде сабак өтүүнүн методикасынын жетишсиздиги, чыгармачылыктары, окуучулар менен иштей билүү жөндөмдүүлүктөрү жетишсиз болду.М: Анарбек к. С, Карыбек кызы А. Жумабек кызы А. Эгемберди кызы Г. жана Абдилизизова А. Бул мугалимдер тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көбүрөөк катышып, изденип сабак өтүү керектиги сунушталды.

Январь айында (22.01 – 31.01.18) орус тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы болду. Декадада 11 ачык сабак өтүлдү. 1 мугалим Алидинова Ж.Ч. бошотулду. Өтүлгөн ачык сабактардын ичинен орус тили жана адабияты мугалими Тентиева А.К. Абдрахманова А, Абдрахманова Г. Абдрахманова Г. жана жаш мугалимдер Жумакадырова Н. Мухамадали к. Г. жакшы сабактарды отушту. Катышкан айрым мугалимдер тарабынан сунуштар анча – мынча айтылды. Декадада Сыдыков Камиль башкалардан айырмаланып, КВН сабак өттү. Бул сабактардан катышкан мугалимдер өздөрүнө бир топ пайдалуу нерселерди ала алышты. Предметтик мугалимдердин аракети, окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтык, мугалимдердин жана окуучулардын изденүүсү ж.б. иш аракеттер мугалимге коюлуучу талаптарга жооп берет. Бардык мугалимдер сабактын максаттарын туура коё алышат, сабактар толугу менен максатына жетти. Декаданын жыйынтыкталышы “Выучи русский язык!” деген темада кече аркылуу өтүлдү.

Кечеде

- “Осенная пора” деген темада сүрөт конкурсу,
- “Үлгүлүү дептер” конкурсу,
- ”Көркөм окуу” конкурсу,
- “Мыкты дубал газета” конкурсу,
- “Мыкты дубал газета, буклет”

Сканировано с CamScanner

конкурстары жарыяланып, женген окуучулар декаданын жабылышында грамоталар менен сыйланышты.

2017–2018–окуу жылынын 12–22 –февралга чейин "Англис тили–эл аралык баарлашуунун тили "деген темеда декада жүрдү. Декадада

- Мыкты дубал газета
- Мыкты реферат
- Мыкты жаңылмач
- Декадага активдүү катышкан окуучу
- Топиктерди мыкты айткан окуучу
- Мыкты дептер номинациялар боюнча конкурстар жарыяланып , жыйынтыгы чыгарылды.

Декадада 7 мугалим ачык сабак өттү. Бир мугалим ден соолугуна байланыштуу бошотулду. Чет тил мугалимдери: Чундукова Замира, Достиева Жыпар, Зарылбек кызы Жазгүл, Исрайилова Нурзат, Жолдошбек кызы Г. сабакта өздөрүнүн предметин сүйгөн жана мыкты билген педагог экендигин көрсөтө алышты. Ар бир мугалимдин аракети абдан жакшы. Окуучуларды англис тилине кызыктыра алышат. Сабактар көрсөтмөлүү болду. Интерактивдүү досканы Зарылбек кызы Жазгүл пайдаланып, "Англис тили–эл аралык баарлашуунун тили" деген темада класстан тышкаркы мыкты сабак өттү. Декаданын жыйынтыкталышы "Англис тили–эл аралык баарлашуунун тили " деген темадагы кече менен жабылды. Билим берүү башкармалыгы тарабынан жумалык да болуп жабылуу кечеси райондук денгээлде биздин мектепте жабылды. Районго караган мектептерден жаш англис тили мугалимдери келип, окуучулардын бул тилге болгон кызыгуусун, сүйүүсүн кече аркылуу тартуулашканына күбө боло алышты.

2017–2018–окуу жылынын (05.03. – 15.03.18) так илимдер усулдук бирикмесинин декадасы болуп өттү. Декадада 9 ачык сабак өтүлдү. Математика мугалимдери Апсалиева Бегай, Асаркулова Гүлай , Чечеева Майрам, Абылова Элнура, Алымбек кызы Бубусайра физика мугалимдери Салимова Айнура, Укеева Назира, информатика мугалимдери Шайдуллаева Гүлмира, Баймаева Айчүрөк, Саданалиева Махабат сабак өтүштү. Бардык мугалимдердин сабактары максатына жетти. Жаш мугалимдер Абылова Элнура, Алымбек кызы Бүбүсайрага көбүрөөк усулдук сунуштар айтылды, насаатчы мугалимдердин сабактарына көбүрөөк катышып, методикасын байытуу жагы сунушталды. Иштегенине экинчи жыл эле болсо да информатика мугалим Баймаева Айчүрөк эң сонун сабак өттү. Ал эми калган мугалимдер өз предметтерин мыкты билген , изденип иштеген , аракетчил мугалим экендигине күбө болдук. Декаданын жабылышы: "Дүйнөнү багындырган МИФ" деген темада жабылды. Декаданын жабылышында

Сканировано с CamScanner

"Мыкты дубал газета", "Мыкты реферат", "Мыкты буклет", "Жаш техниктер", "Үлгүлүү дептер", "Мыкты геометриялык фигура" номинациялары боюнча конкурстун жыйынтыгы чыгарылып, жеңген окуучулар грамоталар менен сыйланышты.

Жогорудагы декадалардын жүрүшүндө мугалимдердин чыгармачылыгын, жекече изденүүлөрүн көрө алдык жана декадалардын жабылыштары жогорку деңгээлде өткөрүлдү десем жаңылышпайм. Декаданын жүрүшү жана жабылышы бир нукка түштү десем болот, себеби декаданын жабылышы окуучулар тарабынан даярдалып, окуучулар дагы декаданын жүрүшүнө жоопкерчилик менен мамиле кылуу керектигин сезип жатышат. Мындан сырткары ар бир айда усулдук бирикмелер түзгөн план боюнча предметтердин берилишин көзөмөлдөө, жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү, чейрек сайын план программанын аткарылышын көзөмөлдөө, билим сапатынын мониторингин чыгаруу, жазуу (математика, кыргыз тили, орус тили ) дептерлеринин абалы, лабораториялык практикалык жана текшерүү иштеринин норматив боюнча алынышы көзөмөлдөндү.

Усулдук бирикмелерде жаш мугалимдерге багыт берүү , жардам берүү, колдоо көргөзүү сыяктуу иштер жүргүзүлүп, жаш мугалимдерге усулдук жардамдар көрсөтүлдү.

Ар бир усулдук бирикме жетекчиси методист менен тыгыз байланышта иш алып барышты. Жети усулдук бирикменин жетекчилери жана мугалимдер өтө түйшүктүү иштерди жоопкерчилик менен изденип иштешүүдө.

12 – декабрь улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө, чебер акын Алыкул Осмоновдун кайтыш болгон күнүнө арналып, "Адабият күнү" деп белгиленип келет. Дал ушул күнү "Адабияттын алптары – Ч.Айтматов жана А. Осмонов" деген темада кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси эки адабият айдыңындагы инсандарды эскерип, шаардык деңгээлде кече өтүштү. Кечеге Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын башкы адиси Сапалова Ж.А, Свердлов райондук билим берүү борборунун адиси Токонова Э.Т. жана Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басарлары жана кыргыз тили мугалимдери катышты. Кече эң жогорку деңгээлде отүлүп, катышкандар тарабынан эң жакшы пикирлер айтылды.

14-декабрда шаардык башталгыч класстардын мугалимдеринин "Башталгыч класстарында окуу – тарбия процессин өркүндөөтүүнүн жолдору" деген темада семинары болду. Шаардык семинарда Башталгыч класстардын мугалимдери: Кыдыбаева К.А. Букараева К. Сагынбаева Г.

Сканировано с CamScanner

Сариева Ж. Бөлөкбай к. М. Келген конокторго сабак өтүштү. Шаардык билим берүү башкармалыгынын башкы адиси Мурсаева А.К. семинардын жүрүшүн, өтүлгөн ачык сабактар жана класстан тышкары иштерге да анализ берип, мектеп жамаатына ыраазычылык билдирди. Өткөрүлгөн шаардык семинар толугу менен максатына жетти.

Март айынан баштап Борбордук Азия Университетинин Билим берүүнү Өнүктүрүү Программасынын алкагында келишим менен иштеше баштадык. Программанын максатында –окуучулардын табигый илимдер, математика, информатика жана англис тили сабактарын окуудагы күтүлүүчү натыйжаларын жогорулатуу; алардын алдынкы, улуттук, регионалдык, эл аралык Университеттерге кирүүлөрү үчүн зарыл болгон билимдерге, ык-машыгууларга, көндүмдөргө ээ болууларына жардам берүү болуп саналат. Ошондой эле окуучулардын сынчыл ойлорун өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурулат. Программаны ишке ашырууда ата-энелерден, окуучулардан жана , химия, биология, математика, информатика жана англис тили мугалимдеринен анкета алышты жана англис тили мугалимдери Зарылбек к Ж, Шерова Ч.У, Информатика мугалими Саданалиева М.С, Шайдуллаева Г,Ө, химия мугалими Наркозиева А.Т, биология мугалими Сыдыкова Ж.З, математика мугалими Асаркулова Г.Б сабактарына катышты. Ошондой эле Наркозиева А.Т менен Саданалиева М.С окутуп-үйрөтүүчү тренингге катышып келишти.

**Усулдук иштер боюнча директордун орун басары:** **Сүйналиева М.М**

Сканировано с CamScanner